данышы да мүмкүн, бирок турмуш агымында, социалдык чөйрөнүн арасында сүрөттөлгөн каарман өзүнө гана таандык сапаттарын, индивидуалдык мүнөзүн сактап калат. Мезгилдин духун берүүдө, каармандын мүнөзүн түзүүгө чоң роль ойногон ошол белгилер кеңири сыпаттоо же салыштыруу, же таамай сүрөттөө, же бир детал аркылуу берилет" [3, 20-бет.].

Сюжет менен композициянын элементтерин аңгемелеринде мыкты пайдаланган авторлордун катарына мурда, совет мезгилинде жазуучу катары окурманга маалым болуп калышкан М. Гапаров, К. Жусубалиев, О.Айтымбетов, Б.Усубалиев, А.Матисаков, М.Каримов сыяктуу авторлордун Кыргызстандын эгемен жылдарында, тагыраагы, токсонунчу жылдардын биринчи жарымында жарык көргөн бир катар аңгемелерин кошууга болоор эле. Буларга аңгеме жанрынын теориялык маселелерин изилдеп жүргөн адабиятчылардын айтуусундагы "Чеховдук лаконизм", "Тургеневдик курч динамика", "толстойлук нрава" билгичтик менен мыкты иштелгендиги мүнөздүү.

***Адабияттар***


*1. Горький М. Собрание сочинений /М.Горький. – М.: Политическая литература, 1985. - Том 7.- 215 бет.*

*2. Касыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызской письменной прозы /У.Касыбеков. – Б.: Илим, 1992. – 178 бет.*

*3. Медетов А. Кыргыз ангемелеринин поэтикасы: сюжет жана композиция маселелери: фил. илимд. канд. дисс. автореф. / А.Медетов. – Бишкек, 1996. - 21 бет.*

*4. Рай Ж. Авангард. Аңгеме / Ж. Рай //Ала – Тоо, 2013. - № 10. -84 бет.*

*5. Сыдыгалиев К. Бомж. Аңгеме / К.Сыдыгалиев // Ала – Тоо, 2014. - № 4. - 37 бет.*

*6. Жолмат кызы Д. Кыргыз аңгемелери жана алардын идеалык-тематикалык өзгөчөлүктөрү / Жолмат к.Д. // Вестник БГУ, 2021. - №1(55). - 77-81 бет.*



***УДК: 8.1751.82-16***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.42***



***Элебесова Б. Б.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ,*
*аспирант*


## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА ФИЛОСОФИЯЛЫК БАШТАЛМАЛАР


### *Кыскача мазмуну*

*Кыргыз поэзиясында түбөлүктүү өлбөс, өчкүс темаларга арналган ырлар философиялык маанайда жаралып, поэзия казынасына өз салымын кошуп келет. Өлүм жана өмүр, сүйүү жана жек көрүү, үмүт жана коркуу ж.б. кубулуштардын маани-маңызын баамдап, аларды кеңири чекте, жалпы деңгээлде түшүндүрүүгө аракеттенген акындардын поэзиясында философиялык ой-мазмун даана көрүнүп, окурмандарды ойго салат. Демек, адам жөнүндөгү философиялык мотивдер акындын жалпы чыгармачылыгынын чегинде, анын көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнүн негизинде каралышы керек. Адам табиятын философиялык өңүттөн кароо боюнча кыргыз поэзиясында өзүнүн салттары иштелип чыккандыгы жана кийинки муундагы акындар ошол салттарды өздөштүрүү менен бирге жалаң эле улуттук адабият менен чектелбей, дүйнөлүк поэзиядагы учкундарды өздөштүрүп, адам табиятын философиялык образдар менен берүүгө умтулушат*



***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз, поэзияда философия, ыр, адабият, коом, сезим, өмүр, өлүм, түбөлүктүүлүк, акын.*


## ФИЛОСОФСКИЕ ИНИЦИАТИВЫ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ


### *Аннотация*

*В кыргызской поэзии стихи, посвященные бессмертным темам, созданы в философской атмосфере и вносят свой вклад в сокровищницу поэзии. Смерть и жизнь, любовь и ненависть, надежда и страх и так далее. В поэзии поэтов, пытающихся понять сущность явлений и объяснить их шире, в более общем виде, содержание философской мысли кажется ясным и заставляет читателей задуматься. Поэтому философские мотивы о человеке следует рассматривать в рамках общего творчества поэта, исходя из его художественного мышления. Дело в том, что кыргызская поэзия выработала свои традиции философского рассмотрения человеческой природы, и следующее поколение поэтов не только в национальной литературе, но и в мировой поэзии стремилось передать искру человеческой природы в философских образах.*



***Ключевые слова:*** *кыргыз, философия в поэзии, стих, литература, общество, чувства, жизнь, смерть, вечность, поэт.*

# PHILOSOPHICAL INITIATIVES IN KYRGYZ POETRY


## Abstract

*In Kyrgyz poetry, poems devoted to immortal themes are created in a philosophical atmosphere and contribute to the treasury of poetry. Death and life, love and hate, hope and fear, and so on. In the poetry of poets who are trying to understand the essence of phenomena and explain them more broadly, in a more general way, the content of philosophical thought seems clear and makes readers think. Therefore, philosophical motives about a person should be considered within the framework of the general work of the poet, based on his artistic thinking. The fact is that Kyrgyz poetry has developed its own traditions of philosophical consideration of human nature, and the next generation of poets, not only in national literature, but also in world poetry, sought to convey the spark of human nature in philosophical images.*


***Key words:*** *kyrgyz, philosophy in poetry, verse, literature, society, feelings, life, death, eternity, poet.*

Адамдын рухий дүйнөсүн, анын жашоо-тиричилигин, умтулууларын, тереңде бугуп жаткан ички сезимдерин көркөм чагылдырып, коомдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн мүнөздүү жактарын туюнта турган көркөм образдарды жаратуу – көркөм сөз өнөрүнүн негизги милдети. Кыргыз поэзиясы да байыртан эле түбөлүктүү өлбөс, өчкүс темаларга арналган ырларды философиялык маанайда жаратып, поэзия казынасына өз салымдарын кошуп келет.

“Эгер мезгилдин идеялары бар болсо, анда мезгилдин формалары да болот” (Белинский) демекчи, поэзиянын темасы мезгил агымына жараша өзгөрүп, жаңырып, аларды жаратуучунун жан дүйнөсүндө кайрадан иштелип чыгып, улам жаңы нукка түшүп, чыгарманын темасы, идеясы, мазмуну менен формасы да жаңыланып турат. Бирок, канчалаган кылым мурда эле поэзияда чыныгы жашоо-турмуш элестетилерин, көз алдыга келген нерселер гана чагылдырыларын, поэзиянын негизги предмети – адам [1, б. 298] экендигин биздин заманга чейин эле Аристотель айтып кетсе да, бүгүнкү күндө да анын бул аныктамасы өзүнүн илимий баалуулугун, негиздүүлүгүн жоготпой келе жаткандыгына кыргыз поэзиясы күбө.

Поэзиянын предмети ар дайым адам болуп келгени үчүн кыргыз поэзиясында да акындардын талант дараметине жараша адам, анын жан дүйнөсү, иш-аракеттери чагылдырылып келет.

Ошондой чыгармачылык процессте айрым акындар өзгөчө сезимталдык, көрөгөчтүк менен келечекти көрүп билип, эл башына келе турган көйгөйлүү маселелерди алдын ала боолголоп мурда эле айтып кетишкендиги тарыхтан белгилүү. Болжол менен XIV кылымда жашап өтүшкөн орток түрк поэзиясынын өкүлү Асан Кайгы, ал эми XIX кылымда жашап өтүшкөн акындар: Арстанбек Буйлаш уулу, Калыгул Бай уулу ж.б акындар элдин эсинде мына ошондой сапаттары менен сакталып келген. Алардын адамдардын коомдун өнүгүшүнө карата өзгөрөрүп турарын алдын ала айткандары кийинки мезгилдерде чындыкка айлангандыгы тууралуу эл оозунда аңыздар айтылып келет.

Ар кандай көркөм чыгарма (анын ичинде ыр, поэма) философиялык мотивге ээ болушу керек. Албетте, мындан философиялык ой болбосо, ал көркөм чыгарма (поэзия) эмес деген тыянак чыкпайт. Ар кандай поэзия бар. Алардын арасында дүйнөнү философиялык кабылдоодон келип чыккан, философиялык идеяны даана туюнткан чыгармалар да кезигет. Аларга карата «философиялык лирика», «философиялык поэзия» деген терминдер колдонулат. Экинчиден, философия менен поэзиянын алакасы тууралуу олутуу сөз кылыш үчүн айрым алынган саптарга же ырга эмес, акындын көркөм ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө, чыгармачыл жол-жоболоруна, ыкмаларына деги эле жалпы духуна кайрылуу жөндүү.

Түпкүлүгүндө ар бир акын философ болушу керек. Себеби ал адамдын, аны курчаган дүйнөнүн, адам турмушунун ар кыл кубулушунун көркөм элесин түзүп жатат. Бул багытта анын өз түшүнүгү, өз мамилеси, көз карашы бар. Айрым акындар шык-жөндөмүнө жараша карманган көркөм жол-жоболоруна ылайык адам турмушунун түпкүлүктүү маселелерине көп кайрылат, бул дүйнөнүн тек-жайына басым жасап, аны түшүнүшкө, өз түшүнүгүн окурмандарга поэзиянын «тили» менен айтып беришке күч үрөйт. Өлүм жана өмүр, сүйүү жана жек көрүү, үмүт жана коркуу ж.б. кубулуштардын маани-маңызын баамдап, аларды кеңири чекте, жалпы деңгээлде түшүнүүгө аракеттенет. Мындай акындардын поэзиясында философиялык ой-мазмун даана көрүнүп, окурмандарды ойго салып, акыл тегеретишке түртөт. Демек адам жөнүндөгү философиялык мотивдер акындын жалпы чыгармачылыгынын чегинде, анын көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнүн негизинде каралышы керек. Үчүнчүдөн, акын өзү философиялык поэзия түзөйүн деп максат койбошу мүмкүн, өзүнүн чыгармаларындагы философиялык ой-идеяларды тутпашы ыктымал. Бирок мындан, эгер анын чыгармаларында философиялык мазмун болсо, ал кемип да калбайт, жоголуп да кетпейт.

Кыргыз элинин өткөн тарыхын ооздон оозго өткөрүп сактаган санжырачыларынын, Толубай менен Санчы сынчыларынын, жомокчуларынын, күүчүлөрүнүн, таланттуу ырчыларынын, төкмө акындарынын, манасчыларынын асмандагы ай, жылдыздарынын тартибине көз тиге карап, алардын жайгашуу абалдары, кебетелери боюнча жер үстүндөгү эртеңки келер күндүн кандайлыгын, жаз, жай, кыштын ыраайын, мезгил жагдайын алдын ала көрө билген көзү ачык жайчыларынын (астрологдорунун) калтырып кеткен мурастарынан кийинки муун түпсүз дүйнөнүн сырларын, турмуштун философиясын (маани-мазмунун) таанып, андан сабак алган. Элдик таланттардын эң эле соңку могикандарынан болгон Сагымбайдын, Саякбайдын, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Жеңижоктун, Барпынын, комузчу Карамолдонун чыгармаларынан дүйнө, өмүр, күн, суу, жер жөнүндөгү терең философиялык ой жүгүртүүлөрдү, көз караштарды көрөбүз.

Адабияттын же башка көркөм өнөрдүн ээси өз чыгармасын атайлап, «мен эми философия жаратайын» деп

отуруп, философиялык чыгарма жазбай турганы бышык. Чыгармачылык процесстин психологиясы, азыркы эстетик окумуштуулар «психотазис» деген термин менен атап жүрүшкөн художниктик ой-сезимдин, эрктин, рухтун бийик абалында түзүлөт. Ошол процессте акын же жазуучу өзүндөгү табияттан бүткөн талант-кудуретиндеги, дээриндеги, адамдык рухундагы, алган билиминдеги негиздерге жараша тарыхчы да, биолог да, философ да болуп кетиши ыктымал. Ошол процессте художник тиричиликтин кыйырларын эбегейсиз зор масштабдарда (көркөм чагылтуунун реалисттик, символикалык, ассоциятивдик ж.б. принциптерин пайдаланып) укмуштай фантастикалык формаларда, чен-өлчөмдөрдө, көз алдыга элестетүүсү жана ошондой түрдө чагылдырышы, реалдуу предметтерге өзүнүн мендик касиеттерин алып өтүшү, микрокосм менен макрокосмду бир бүтүндүктө көрүшү адамды жер дүйнөсү менен асман дүйнөсүнүн ортосундагы «көпүрө» (мисалы, Э.Межелайтистин «Адамы») таризинде элестетиши мүмкүн. Илимде белгилүү маалыматтарга таянсак – бизди курчап турган материалдуу дүйнө, жалпы эле адам белгилүү бир ыргак менен жашап, анда тынымсыз дифференциялар жүрүп, бирде кеңейип, бирде кайра тартылуу процессинде турат. Ага байланыштуу адамдын ой жүгүртүү кудурети, аң-сезими, өз ара мамилелери да көп кырдуу, көп тамырлуу боло берери шексиз. Көркөм өнөр бардык доорлордо адамды асылдандыруу үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп келген. Адамзат өзүнүн бүгүнкү жетишкендиги, акыл-эсинин өскүлөң деңгээли үчүн барынан мурда көркөм өнөрдүн, анын ичинде поэзиянын, керемет касиетине милдеткер. Бардык замандарда искусство адамды адамдыкка чакырып аны адамдык сыпатынан ажыратпай, өз асылдыгында, улуулугунда кармоого күчүн жумшап келген. Искусствонун башкы кредосу адамды адам кылууга багытталгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Философия менен адабияттын, анын ичинде поэзиянын карым-катнаштары жөнүндөгү маселе абдан татаал. Бул багытта илимде жана адабияттын өзүнүн ишмердигинде толгон токой көз караштар өкүм сүрүп келгени жашыруун эмес. Алардын баарын терип-тепчип санап атайын талдап окуунун бу жерде эч зарылдыгы жок. Анын үстүнө мындай милдеттин бизге чейин эле билерман адистер аткарып коюшканын немец илимпозу Г.Менденин орус тилине которулган «Дүйнөлүк адабият жана философия» деген китеби (М.1969) күбөлөп турат.

Ал эми Р.А. Зобов “О некоторых проблемах взаимосвязей философии искусства” аттуу эмгегинде: “... ар бир терең көркөм чыгарма, бул чыгарма пайда болгон доордун “социалдык-маданий климатынын” бир бөлүгү болгон жемиштүү философиялык идеялардын көмүскө же кыйыр таасири менен калыптанат. Тигил же бул сүрөтчү... философияга кызыкпаса да, бул байланыштын бар экендиги талашсыз.” [2, б. 11].

Бирок тиги же бул коомдун, конкреттүү доордун мазмуну менен мүнөзүнө жараша философия менен поэзиянын алакасы бирде артып, бирде бөксөрүп турган. Айталы, философиялык мазмун орто кылымдардын шартында өзгөчө Чыгыш поэзиясында (Хайям, Хафис, Жами, Саади, Руми, Навои) күчтүү өнүккөн, ал эми Батыш поэзиясында философия менен поэзиянын синтези Данте менен Гётенин чыгармачылыгында бийик нокотуна жеткен. Андан кийин мындай тыгыз байланыш XIX кылымдагы европалык романтиктердин (Байрон, Шелли, Гейне, Новалис ж.б) чыгармаларында айкын байкалып, азыраак убакыт өткөн соң Француз жана Немец симоволисттеринде (П.Верлен, С.Малларме, А.Рембо, М.Рильке) башкачараак өң-түскө ээ болгон. XX кылымдагы чет эл поэзиясы философия менен поэзиянын жуурулушкан мисалдарын Г.Аполлинер, Л.Арагон, В.Незвал, Н.Хикмет, П.Неруда ж. б. аркылуу далилдеди. Орус поэзиясында болсо философиялык поэзия Пушкин, Лермонтов, Некрасов, Тютчев, Фет негиздеген көөнөрбөс салттары, А.Блок, Н.Заболоцкий, А.Ахматова, Б.Пастернак уланткан бай тажрыйбасы бар.

Албетте, биздин элибиздин көп кылымдык тарыхый тагдырларын камтыган оозеки поэзия, өткөн доордогу катаал акыбалын айныксыз чагылткан ырчылык өнөр, турмушубуздун көп кырдуу тажрыйбасын көркөм электен өткөргөн профессионал акындарыбыздын чыгармачылыгы да философиялык мазмундан сырткары калмак эмес. Бул туурасында жогоруда бир кыйла далилдүү пикирлер айтылды.

Биздин жазма профессионал поэзиябыздагы нукура философиялык башталмалар эң оболу А.Осмоновго тагандык. Анын өмүр, өлүм, бул турмуштун маани-маңызы, дүйнөнүн курулушу, адамдардын мамилелери жөнүндөгү мыкты чыгармалары мунун айткан далили эмеспи. Алыкулдун поэзиясынын кыргыз адабиятында ролу, мааниси бөтөнчө зор жана кайталангыс. Анын ырлары курчтугу, ачыктыгы, тикелиги, сөз курулмалардын күтүлбөгөндөй жаңылыгы жана жөнөкөйлүгү менен окурманды таңдандырат.

Осмоновдук ритм бир караган адамга жөнөкөй сезилгени менен көпчүлүк ырларда маанилик акцентти камтыган күтүлбөгөндөй паузалар, ритмдин кокусунан үзүлүп, бузулуп кетүүлөрү учурайт. Кыргыздын элдик ыры комуздун чың тартылган кылындай баштапкы ыргагынан түк жанбай угуучулардын көңүлүн өзүнө бекем туткундап, көбүнчө үнү күү менен коштолуп ырдалат, ал эми арасындагы айрым басаңдоолор, тынымдар элдин көңүлүн тексттин мазмунундагы урунттуу, бөтөнчө маанилүү учурларга буруучу каражат катары кызмат кылат. Алыкул ушул бөтөнчөлүктү кылдат байкап, аны өзүнүн ырларында чыгармачылык менен пайдаланган. Анын ыргагынын “башкачалыгы” – өзүнүн орундуулугу, көркөмдүгү, ырда айтылчу ойду баса белгилеп көрсөтүүдөгү маанилүүлүгү менен таң калтырат.

Осмоновдун лирикасына үч багыт, үч типтеги чыгармачылык чечилиш – дүйнөгө ой жүгүртүү маанисиндеги, тууган жер, анын улуулугу, сулуулугу жөнүндөгү, замандаштын жаңыга карай умтулган күрдөөлдүү турмушунун көп түрдүүлүгү, көп кырдуулугу жөнүндөгү ырлар мүнөздүү. Алыкулдун чыгармачылыгы жөнүндө жазган адабиятчылардын бардыгы анын кыргыз поэзиясына эмгек адамын кийиргендигин белгилешет.

Буга: күнүмдүк турмуштагы конкреттүү эмгек адамын кийирген, – деген аныктаманы кошумчалап коюу керек. Кыргыз совет поэзиясы өзүнүн адеп кадам таштаган күнүнөн тартып эле эмгекти жана эмгек адамын даңазалап келе жатат. Осмонов өзүнүн каармандарынын, түзгөн образдарынын конкреттүүлүгү менен бул теманы байытты.

Иште негизинен акындын философиялык лирикасына багыт жасалган. Эмгек адамы жөнүндөгү көптөгөн ырларынын айрымдары гана (“Саанчы жеңе”, “Сугатчы”, “Жылкычы”, “Звеновой Зыйнатжан” ж.б.) камтыл-

ган, бирок ошого карабастан Осмоновдун бул темага карата мамилеси "Мен кыргыздын акыны" аттуу ырында, айрыкча [6]:

Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды,
Кароолчудан: не кылам деп сурасам,
Балам алсын, бекер бер дейт даңкымды,
Берем, Алсын!
Сатпайм, кадыр-баркымды,
"Уйчу, койчу, кетменчинин,
Менмин кымбат акыны" [4, б. 200] деген саптарында даана чагылдырылган. Айрыкча, түбөлүктүү темага – өлүм жана өмүр темасына арналган ырларында Осмонов поэзиянын түпкү миссиясы жөнүндөгү ойго кайра кайрылат. Акындын жеке тагдыры чымыркануусуга жана драматикага толгон. Акыры жанын алып тынган оору акынды ар бир күн, ар бир саат үчүн күрөшүүгө мажбурлаган. Анын ырларында өзүнүн бул дүйнө менен жакын арада кош айтыша тургандыгы, өлүмдүн сөзсүздүгү жөнүндөгү ой туруктуу жана такай сакталат.

Мен тургузбайм эскерсин деп эскерме,
Эскерсин деп эстетерге эч нерсе.
Кайтпас күнгө калкып кете беремин,
Кайсы күнү тагдырыма кез келсе. [4, б. 123]

Бирок акын бул сезимди жеңүүнүн жолдорун талбай изденет. Көп ырларында өзүнүн жеңилбестиги жөнүндө ишенич жана үмүт менен айтат. Өзүнүн ырларынын түбөлүктүүлүгүнө шектенүү сезими менен карабаса жана ошол эле учурда олуттуу башка чыгармаларды жаратуу менен ал сезимди жеңип кетүүгө умтулбаса, Осмонов азыркы абалындагыдай чоң сүрөткер боло да албас эле. Поэзиянын өмүрүнүн кыскалыгы же түбөлүктүүлүгү акын үчүн анын эл турмушу менен канчалык деңгээлде айкалышканында, акындын өлбөстүгүнүн шарты – ал өлүмгө жеңилбей тургандыгын, ырларынын түбөлүктүүлүгүн көрө билгендигинде [4, б. 123].

Аликулдун элдик турмушка жакындыгы, анын элдик чыгармачылыктын стихиясына, фольклордун образдарга жана чыгармаларда пайдаланылган сөздөргө болгон терең сүйүүсү менен айкалышкан. Осмоновдун фольклоризми жөнүндө кыргыз адабият таануу илиминде жана сынында көп жазылды. Айрым талаш-тартыштар да болбой койгон жок. Бул жерде аларды талдап, баа берип олтуруу – максат эмес, бирок, ал айтылгандардын ичинен адабиятчы С.Жигитовдун "Ырлар жана жылдар", "Акындын эки өмүрү" китептеринде айтылган ой баарынан ишенимдүү экенин белгилөөгө болот. С.Жигитов Осмоновдун адабий сабаты анын жеке тагдырына туш келген турмуштук шарттарга байланыштуу түз эле орус адабияты, орус поэзиясы менен таанышуудан башталганы жөнүндө айтат. Кыргыздын элдик чыгармачылыгы менен ал кийинчерээк таанышып, бирок ошол замат анын күчүнө абдан туткундалып, кумарланып, өзүнүн ырларына жана поэмаларына фольклордук образдарды жана сюжеттерди кеңири, тайманбай киргизе баштайт. Бирок бул отузунчу жылдардагы жана андан кийинки мезгилдердеги көптөгөн кыргыз акындарына мүнөздүү фольклорду сокур тууроо, ага биротоло багынуу, анын жетегинде калуу эмес, өз адабиятынын, ошондой эле орус жана өзүнчө өнүгүү тарыхы бар башка элдердин адабияттарынын бай тажрыйбасынан таалим алган сүрөткердин чебер мамилеси эле.

Философиялык ушундай башталмалар С.Эралиевдин поэзиясында («Жол», «Жылдыздарга саякат», «Ак жыттар» поэмаларынан тартып, акыркы «Айыл ырлары», «Кыштак кечтери», "кызгылт багымдат" жыйнактарына, айрыкча «Таңкы ойлор», «Кошойдун жери» поэмаларына чейин) күчтүү. Философиялык идеялар С.Жусуевдин «Көңүл күүлөрү», "Түрмөк булуттар", Ж.Садыковдун «Аккан суу», Т.Кожомбердиевдин «От өчпөгөн коломто» аттуу жыйнактарынан байкалбай койбойт. С.Жусуевдин "Дабан" (Фрунзе, 1971), Ж.Садыковдун "Унутулгус обондор" [5, б. 21], Б.Сарногоевдин "Менин батпас күнүм" (Фрунзе, 1972) ырлар жыйнагынан да философиялык башталмалар башталат. Жакшы ырдын туусун бийик көтөрүп, жаман ырга чабуул жасаган акын эң эле бери калганда көркөм сөздүн азабын билген автор. Маселен, Сооронбай Жусуев мындай деп жазат:

Касыбыздан азапты тартпаганда
Досубуздун баркына жетет белек.
Жаман ырга жинибиз келбегенде
Жакшы ырлардын жыргалын сезет белек [3, б. 3]

Төрт сап ырдан даана көрүнүп тургандай "жаман ыр" деген түшүнүктөр акын үчүн "кас", "дос" дегендей эле эч качан келишпес тикеден-тике, карама-каршылыктагы түшүнүктөр.

Адамзаттын келечегинде эң коркунучтуу нерсе рухтун, нраванын кыйрашы. Жашоодогу гармония да так ошондой бузулуп жаткан кез. Ушундай мезгилде поэзия адам табиятынын бизге белгисиз булуң-бурчтарына чейин изилдеп, ачып берүүгө умтулган. Адам табиятын философиялык өңүттөн кароо боюнча кыргыз поэзиясында да өзүнүн салттары иштелип чыккан. Кийинки муундагы акындар ошол салттарды өздөштүрүү менен бирге жалаң эле улуттук адабият менен чектелбей, дүйнөлүк поэзияда медитативдик поэзиянын салттарын өздөштүрүүгө умтулуп, адам табиятын экзистенциалистик образдар менен берүүгө умтулушкан. Жогоруда берилген акындардын ырлары сыяктуу философиялык тематикада жазылган ырлар азыркы мезгилде да кенен жаралып жатат. Поэзияда философиялык ырлар акындын жашоого болгон ички ой толгонууларынын кесепетинен келип чыгары мисалдар аркылуу тереңдетилип көрсөтүлдү.

***Адабияттар***


*1. Аристотель и античная литература. – М.: 1978. – 298 б.*

*2. Зобов Р.А., Мостепаненко А.М. "О некоторых проблемах взаимосвязей философии и искусства". –ВКН. "Творческий процесс и художественное восприятие." Л.: 1978, стр 110.*

*3. Жусуев С. Дабан Ф.:, "Кыргызстан" 1971. - 115б.*

*4. Осмонов А. Көл толкуну. Б.: 2010, 372б.*

*5. Садыков Ж. Унутулгус обондор. Ф.: "Кыргызстан" 1971. – 130 б.*

*6. Элебесова Б. Б. Кыргыз жана түрк поэзиясында медитативдик лирикаларды талдоо / БГУ жарчысы. – 2011. -№2 (19). -330-б.*